**«МАКУЛДАШЫЛГАН»**
Өндүрүштүк окутуу б-ча
директордун орун басары
_________ Ткачева Б.Т.
«11» _____09_____ 2023 ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
КОББ (Колледж) директору
_________ Дербишева Э.Д.
«11» _____09_____ 2023ж.

**И. Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледже) окуу-таанышуу, өндүрүштүк (технологиялык) жана квалификациялык иштин алдындагы практиканы өтүп жаткан студенттер үчүн**

# ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖАНА КООПСУЗДУК ТЕХНИКАСЫ БОЮНЧА НУСКАМА

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Практикадан өтүп жаткан бардык студенттер милдеттүү:

1.1. Университеттин Уставын, Ички эмгек тартибинин эрежелерин, эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы боюнча нускаманын талаптарын жана И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледждин) башка локалдык актыларын сактоого.

1.2. Үйрөнтмөнүн (инструктаж) бардык түрлөрүн өткөрүү үйрөнтмө алган жана өткөргөн адамдын милдеттүү колтамгалары менен үйрөнтмөнү каттоо журналына катталууга тийиш.

1.3. Кыргыз Республикасынын шаарларынын жана калктуу конуштарынын көчөлөрү менен жүрүүдө жол кыймылынын эрежелерин сактоого, бул үчүн белгиленген жерде (жер үстүндөгү, жер астындагы же жолдун үстүндөгү жөө адамдар өтүүчү өткөөлдөр боюнча) көчөдөн өтүүгө.

1.4. И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледж) практика жетекчисинин, уюмдун же ишкананын жетекчилигинин, практика жериндеги жетекчинин (насаатчынын) буйрутмаларын өз убагында жана сапаттуу аткаруу, уюмдун же ишкананын нормалдуу ишине тоскоол болгон иш-аракеттерден алыс болууга.

1.5. Практика өтүп жаткан жайдын эрежелеринде жана нускамаларында көрсөтүлгөн эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы, өндүрүштүк санитария, эмгек тазалыгы жана өрт коопсуздугу боюнча талаптарды сактоого.

1.6. Практика болгон жерде жана ага чектеш аймакта тазалыкты, тартипти сактоого.

1.7. Практикага жүйөлүү себептер менен келбей калган учурда кийинки күндөн кечиктирбестен ал практика өтүп жаткан ишканадагы практиканын жетекчисине жана И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледждеги) практиканын жетекчисине бул жөнүндө кабардар кылууга.

1.8. Практикага чыккан студенттерге документтердин белгиленген топтому (жолдомо, практика күндөлүгү, жеке тапшырма ж.б.) болгондо гана ишти аткарууга уруксат берилет.

1.9. Жумушка кабыл алууда бардык талапкерлер эмгекти коргоо боюнча киришүү үйрөнтмө, жумуш ордунда үйрөнтмөдөн өтүшү керек.

## 2. ЖУМУШКА КИРИШҮҮДӨН МУРУН ЭМГЕКТИ КОРГОО ТАЛАПТАРЫ

2.1. Шашылыш жана натыйжада кулоо менен жаракат алуу учурларын болтурбоо үчүн жумушка мөөнөтүнөн мурда келүү, ошол эле учурда:

• тепкичтер менен өйдө-ылдый чуркабоо;

• туш келди нерселерге жана тосмолорго отурбоо жана таянбоо;

• коопсуздук белгилерине көңүл буруп, алардын талаптарын аткаруу.

2.2. Жумуш ордун жана жабдууларды текшерүү. Жумуш ордун иштөө үчүн зарыл болгон жабдуулар, инвентарлар, шаймандар жана аспаптар менен жабдылышын текшерүү. Бардык ашыкча нерселерди алып салуу.

2.3. Байкалган кемчиликтер жана бузулуулар жөнүндө практика жетекчисине токтоосуз билдирип, көйгөйлөрдү чечкенге чейин жана жетекчинин уруксат берүүсүнө чейин ишке киришпөө керек.

## 3. ЖУМУШ УЧУРУНДА КООПСУЗДУК ТАЛАПТАРЫ

3.1. Жумуштарды аткаруу иштеп жаткандарга зыяндуу өндүрүштүк факторлордун, заттардын жана материалдардын мүмкүн болуучу таасирин жокко чыгаруучу технологиялык документтерге ылайык жүргүзүлсүн.

3.2. Жабдууну ар бир иштетүүдөн мурун, анын иштеп башталышы эч кимге коркунуч туудурбасына ынануу.

3.3. Аспаптардын жана жабдуулардын бузук экендигин байкаган ар бир кызматкер бузукту жоюу үчүн чара көрүүгө, ал эми жоюуга мүмкүн болбогон учурда бул жөнүндө жетекчиге токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

3.4. Тыюу салынат:

- бузулган электр шаймандарын жана электр зымдарын колдонууга;
- иштеп жаткан жарык берүүчү аппараттарды жана электр лампаларын булгануудан жана чаңдан тазалоого;
- электр шаймандарын өз алдынча оңдоого;
- жабык жайларда иштөө үчүн багытталган тиричилик электр шаймандарын жана көчмө чырактарды ачык жерде колдонууга;
- үйдө өз алдынча жасалган электр жылытуучу шаймандарын жана ачык спиралдуу электр жабдууларын колдонууга;
- полдо жаткан көчмө электр зымдарын басууга.

## 4. ЖУМУШТУН АЯГЫНДАГЫ КООПСУЗДУК ТАЛАПТАРЫ

4.1. Жабдууну өчүрүү. Анын толук токтошун күтүү.

4.2. Жабдууну өчүрүп, электр тогунан кубатсыздандыруу.

4.3. Жабдууну кирден жана чаңдан тазалоо.

4.4. Шаймандарды, аспаптарды, жабдууларды жыйноо.

4.5. Жумуш ордун иретке келтирүү. Таштандыларды жана калдыктарды тазалоо үчүн зарыл болсо, щеткаларды, шыпыргы жана башка шаймандарды колдонуу.

4.6. Колду самын менен жакшылап жуу.

4.7. Уюмдун (ишкананын) имаратынан чыкканда:

- кыймылдуу транспорт жок экенине ынануу;
- тротуарлар жана жөө адам өтмөктөрү менен басуу.

4.8. Практика өтүүчү жерге жана артка үйгө келүүдө:

- жолдо жүргөндө экстремалдык шарттардан оолак болуу;
- жол кыймылынын эрежелерин жана коомдук транспортто жүрүм-турум эрежелерин сактоо;
- транспорт каражаттарын жана жолдун көрүнүшүн чектеген башка тоскоолдуктарды айланып өтүүдө этият болуу;
- аба ырайы жагымсыз болгон учурда (муз, кар, туман) өзгөчө этият болуу керек.

И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледж)
өндүрүштүк практика жетекчиси Бирисманов Э.Ж.